**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*



## *Тема: Комуз кантип пайда болгон?*

*Мугалим: Шабданова Айзада Ашымовна*

**2020-2021-окуу жылы**

**Сабактын темасы**: “Комуз кантип пайда болгон”(текст менен иштөө)

**Сабактын максаты**:

**а)**Тексттин үстүндө иштөө менен окуучуларга кыргыз элинин улуттук аспаптары жөнүндө жаңы түшүнүктөргө ээ болуусун камсыз кылуу.

**б**) Жаңы маалымат; түшүнүктөр аркылуу окуучулардын дүйнө таануусун кеңейтүү, түшүнүксүз сөздөр менен иштөө аркылуу сөз байлыгын өстүрүү. Кыргыз элинин этномаданиятынан кабар берүү.

в) Окуучулардын өз элинин улуттук өзгөчөлүктөрүн, маданий мурастарын баалай билүүгө тарбиялоо. Эстетикалык табиятынын калыптанышына, музыка өнөрүнө кызыгуусунун ойгонушуна **багыттоо.**

**Сабактын жабдылышы**: Комуз,магнитафон, тексттер, маалымат карточкалары, сүрөт, плакат.

**Сабактын тиби**: Сөз өстүрүү, бириктирилген(аралаш) сабак.

**Сабактын ыкмасы**: Суроо-жооп түрүндөгү класстык сабак.

**Сабак аралык байланыш**: Музыка, тарых

**Сабактын жүрүшү**: 1. **Уюштуруучу учуру**: комуз күүсүнүн коштоосунда окуучулардын сабакка катышуусун, класстын даярдыгын эсепке алуу.

**Мугалим**: Бүгүнкү өтүлө турган темабыз эмне жөнүндө экендигин аныктоо үчүн бул табышмакты тапкыла:

Ичи ичинде, ичегиси тышында.

Табышмактын жандырмагын табуу үчүн “ооба-жок” оюнун ойнойбуз. (Оюндун шарты боюнча окуучулар мугалимге “ооба” же “жок” деген жоопторду талап кылган суроолорду берүүсү керек).

Мисалы:

- Бул жандуу нерсеби?
- Жок.
- Бул жей турган нерсеби?
- Жок.
- Бул буюмбу?
- Ооба.
- Күндө колдонобузбу?
- Жок.
- Жыгачтан жасалабы?
- Ооба.
- Музыкалык аспаппы?
- Ооба.
- Бул комузбу?

- Ооба.

2. Үйгө берилген тапшырманы текшерүү жана кайталоо:

Берилген диалогду ролдорго бөлүп айтып берүү

- Рамиль, сен кыргыздын элдик музыкалык аспаптарынан эмнелерди билесиң?

-Кыргыздын элдик музыкалык аспаптарынан комуз, ооз комуз, кыяк дегендерди билем.

-Максим, сенчи?

- Мен да комуз, ооз комуз, кыяктарды билем. Чоор деген да бар.

-Дайыр , балким, сен да комузда ойной аласың?

-Жок, ойной албайм. Бирок үйрөнгүм келет.

-Сыягы үйүңөрдө комуз бар го?

-Албетте, бар.

Мугалим: Азаматсыңар, балдар, Эми мына ушул сүйлөшүүдө катышкан сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдү тапкылачы.

Балдар аташат.Мугалим аларды алкап, жаңы темага көңүл бөлдүрөт.



3. **Жаңы темага өбөлгө**:

(Магнитафондон ырды уктуруу

Үч буроо, жалгыз тээк, үч кыл комуз,

Чертилет, күүгө келбейт чебер колсуз.

Опоңой, көргөн көзгө жөпжөнөкөй,

Бирок да өнөрү бар айтып болгус.

Кылымдан кылым санап көксөй-көксөй,

Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй.

Бул комуз көп сууларды кечип келген,

Эли да комузундай жөпжөнөкөй.

(А.Осмонов)

Демек, балдар биз бүгүн кыргыз элинин музыкалык аспабы-комуз жөнүндө сөз кылабыз.
Анда эмесе азыр комуз жөнүндө эмне маалымат билсек дептерибизге жазабыз.(дептерге графаны сызышат)

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| -музыкалык аспап,<br>-кыргыз элинин аспабы,<br>-күү чертилет,<br>-үч кылы бар,<br>-концерттерде, тойлордо. | -Комуз кантип пайда болгон?<br>-Кандай комузчулар бар? | |

Жаңы тема:
Балдар, силер баамдагандай бүгүнкү сабагыбыздын темасы: “Комуз кантип пайда болгон?”
Комуз кантип пайда болгон, мына ушул тууралуу элибизде ар түрдүү уламыштар бар. Мына ошолордун бирин окуйлу:
(окуучуларга текст таратылат).

Балдарга тексттен үзүндүлөр берилген, аны балдар окушуп, түшүнүшүп, текстти мазмуну боюнча бириктиришип, ошол боюнча топ болуп отуруп калышат.
Балдар текстти бири-бирине айтып беришет.Текстти мазмунун карап, тексттин башын, окуянын уланышын, аягын табышат.

**Комуз кантип пайда болгон?**

Илгери- илгери жер үстүндө бир хан болгон экен. Ал элин кыйнап, эл аны **кара мүртөз, канкор хан** деп аташкан экен. Элдин **каргышы,** кайгы-муңу жеткенби, **айтор,** хан баласыз болуптур.Кудайга жалынып жатып карыганда жалгыз **перзенттүү** болгон имиш. Жалгыз перзенти чоңоюп, эр жеткен соң, **зулум хан** жигиттерди тандап берет. Хандын уулу кайда жүрбөсүн, аны баягы **нөкөрлөр** коштоп жүрөт.

Күндөрдүн биринде хандын уулу аңчылыкка кетет. Тоону кыдырып, токойлорду аралап, эч нерсе жолукпай, камыш аралап келе жатса, алдынан **күрүлдөп** эне жолборс чыгат. Ал өзүнүн балдарын коргоп, алардын алдынан **айбаттуу** чыккан эле. Жолборстун күрүлдөгөн айбатынан жанындагы нөкөрлөр

качып жөнөшөт. Хандын уулу жебесин алганча болбой, жолборс аны **чалып өтөт**. Хандын уулунун өлгөнүн көрүп, жигиттердин **үрөйү учат**.



Күндөр өттү. Хан уулун күттү, бирок уулу кайрылып келбеди. Ошондо хан жар чакырып: " Кимде ким менин көзүм, мурасым, жалгызым жөнүндө жаман кабар алып келсе, **коргошунду эритип**, оозуна куям.Уулумду таап бергиле",- дейт.

**Жарчылардын** үнүн угуп, нөкөрлөрү эмне кылар айласын таппай, жер кыдырып кетишет. Тоо этегинде турган жалгыз **алачыкта** Аалы деген **зергер** жашоочу. Ал уста гана болбостон, акылман да болгон экен. Жигиттер Аалыга келип, болгон окуяны айтып берип, **өлүмдөн куткаруусун өтүнүшөт**. Аалы аларды тамактандырып, эс алуусун өтүнөт. Ал түн бою жыгачты **жонуп,** кандайдыр бир **чөйчөк** сыяктуу нерсе жасап, ага узун, ичке кылдарды тагат. Андан соң аны ойното баштаса, андан нечен сонун үндөр жаңырып чыга баштайт. Ал бирде ырдап, бирде ыйлап жатты. Аалы эртең менен жигиттерди ойготуп, ханга келет. Хан аларды жаман кабар алып келгенин байкайт. Аалы ханга ийилип салам берип, куралда ойной баштады. Ал курал чымчыктардын сайраганын, суунун агышын, **ымыркайдын** күлкүсүн сүйлөп берип жатты. Хан жыргап укту.



Аңгыча баягы жайдары күлкүнү ырылдаган үн бузуп, кетти да, ага удаа "апа" деп жардам сураган **аянычтуу** үн чыгып, заматта жок боло түштү. Хандын жини келип, кыйкырыкты салып, жалгыз баласынан ажыраганына ишенбей, **тилсиз жоону** жок кылууга шашты. **Жулунган** нөкөрлөр заматта Аалынын колундагы куралды жулуп алып, эритилген коргошунду куя баштады. Бирок курал бирде ыйлап, бирде ырдап окуяны баяндап жатты. Бул курал Аалы зергер жасаган, атадан балага кылым улап жашап келе жаткан улуу ...... эле.

Түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.

Кара мүртөз-
Канкор хан-жестокий
**Каргыш**ы –проклятие
Айтор-в общем
**Персент**түү-дитя
Зулум хан-жестокий
**Нөкөр**лөр-слуга хана
Күрүлдөп-рычя
**Айбат**туу-грозный, суровый
**Чал**ып өтөт-нападает
**Үрөй**ү учат-пугается
**Коргошун**ду **эри**тип-сплавив свинец
**Жар**чылардын-
**Алачык**та-маленькая юрта, шалаш
Зергер-ювелир
Өлүмдөн куткаруусун өтүнүшөт-
**Жон**уп-шкурил
Чөйчөк-чашечка
**Ымыркай**дын-дитя
**Ая**нычтуу-жалкий
**Тил**сиз **жоо**ну-
**Жул**унган-рвущиеся
Сөздөрдү катыштырып сөз айкаштарын түзүшөт.
Мисалы: кара мүртөз хан, зулум хан, каргышка калды, айтор, туура айтты,персенттүү болдум, нөкөрлөр мени кайтарды, күрүлдөп суу акты, айбаттуу арстан, ал мени чалды, караңгыдан үрөйү учту, коргошунду эритип чүкөгө куйду, жарчыларды чакырды, карыя алачыкта, зергер сөйкө жасады, жыгачты жонду, чөйчөктү жуудум, ымыркайдын ыйлаганы, аянычтуу үн, өрт тилсиз жоо, жулунган балдар, жулунган эшик.

( Окуучулар менен биргеликте түшүнүк берилет, 3-4 ирет кайталап айтышат, сөздүк дептерине жазып алышат).
**Мугалим**: Текстти чынжырча аркылуу окуйбуз.
Балдар ирети менен тактаны карашып, текстти окушат.
Текстке карата балдар суроо түзүшүп,топ-топ болуп бири-бирине суроо беришет.
Топтун ичинен балдар тапшырмаларды бөлүп алышат.

1. Текстти көркөм окуйт
2. Текстти орус тилине которот
3. Текстке суроо түзөт
4. Тексттен негизги ойду алып айтат.
   Ар бир топ өзүнүн бөлүгүн талдап, жактап беришет.
   Жалпы тапшырма: тексттен сүйлөмгө мүчө боло албаган сөз бар сүйлөмдү таап дептерге жазышат. Элдин каргышы**,** кайгы-муңу жеткенби, **айтор,** хан баласыз болуптур.

**4. Бышыктоо**:

1. Тактада төрт сүрөт берилген, ошол сүрөткө карата кыскача текст же диалог түзүшөт.
( ар бир топ өздөрүнүн тексттерине тема коюп, окулган текст менен байланышын табышат жана аны бир сөз менен аташат.
2. Ар бир топ окулган тексттен эң негизги ойду айтышып, тактага жазышат.
Илгери-илгери бир зулум хан болуптур. Анын жалгыз уулу болгон. Уулу нөкөрлөрү менен аңчылыкка чыгат.Аны жолборс өлтүрүп кетет.Нөкөрлөр ханга угуза албай, зергерге кайрылышат. Зергер бир куралды жасайт. Ошол куралдын жардамы менен Аалы зергер нөкөрлөрдү сактап калат. Бул курал комуз болгон.Ошентип комуз пайда болгон.
3. Жыйынтыктоо. Балдар комуз тууралуу билген ырларын көркөм айтып беришет.
Комуздун коштоосунда күү чертилет.

Сабактын аягында мугалим суроолорду берүү менен сабакты жыйынтыктайт.
-Комуз деген эмне?
- Комуз эмнеден жасалат?
- Комуздун бөлүктөрү?
-Кандай комузчуларды билесиңер?
-Комуз кантип пайда болгон?
Үйгө тапшырма. Балдар комуз тууралуу башка дагы уламыш билип келтишет.
Сабакты баалоо.

